«Утверждаю»
Директор СОШ № 52
_______________
Н.Д. Джансариева

**Свердлов районунун  Бишкек шаарынын**
**мектептеринин аткарган иштеринин анализи**
**2021 -2022 -окуу жылы**

# № 52 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ

**Анализ результатов деятельности школ**
**Свердловского района  города Бишкек**
**за  2021 -2022  учебный год**

# СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ШКОЛА № 52

# Бишкек шаарынын Свердлов районунун
# мектептеринин аткарган иштеринин анализи
# 2021 -2022- окуу жылы

<table>
<tr><th colspan="4">Окуу жайдын аталышы: № 52 жалпы орто билим берүүчү мектеби</th></tr>
<tr><th colspan="4">Анализдин багыттары</th></tr>
<tr><td rowspan="9">Билим берүү уюмунун ресурстук базасы</td><td>Китепкана фонду</td><td>Китептер - 12305 экз.</td><td>Көркөм адаб. – 6712 экз.</td></tr>
<tr><td>Педагогикалык кадрлардын курамы:</td><td>мугалимдер: 64</td><td>жогорку (специалист) – 42;<br>толук бүтпөгөн (студент) – 1;<br>бакалавр даражасында– 10;<br>магистр даражасында – 4;<br>орто кесиптик – 7.</td></tr>
<tr><td rowspan="3">Окуучулардын контингенти : 1468</td><td>Башталгыч мектеп</td><td>646 окуучу</td></tr>
<tr><td>ортоңку звено (5-9 класстар)</td><td>716 окуучу</td></tr>
<tr><td>жогорку звено<br>(10-11 класстар)</td><td>106 окуучу</td></tr>
<tr><td rowspan="3">Класс комплектеринин саны: 46</td><td>Башталгыч мектептер</td><td>20 класс</td></tr>
<tr><td>Ортоңку звено (5-9 класстар)</td><td>22 класс</td></tr>
<tr><td>жогорку звено (10-11 класстар)</td><td>4 класс</td></tr>
<tr><td colspan="3"></td></tr>
<tr><td>Тарбия ишинин анализи</td><td>Иштин багыттары:</td><td colspan="2">Мектептин педагогикалык кеңешинде (протокол № 130.08.2019 ж.) өнүгүү программасынын негизинде мектептин миссиясы иштелип чыкты:<br>Бишкек шаарынын № 52 жалпы орто билим берүүчү мектеби – билим берүү процессиндеги субьектилердин потенциалдык өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүүгө жана өзүн-өзү ишке ашырууга багытталган ачык мейкиндик .<br>Өнүгүү Программасынын негизги багыттары аныкталып, жыл сайын аткарылып келген анализдердин критерийлери каралып, бардык билим берүү бөлүмдөрүндө көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган.<br>Тандалып алынган Миссияга ылайык мектептин негизги иш-чаралары:<br>-КРнын билим берүү тармагын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик стратегиясын жана коомдун туруктуу өнүгүү принцибин ишке ашыруу;<br>-билим берүүнү жеткиликтүүлүгүн сапаттуулугун камсыздоо ;<br>-мектептин мазмунун жана негизги жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартын киргизүү менен билим берүүнүн түзүлүшүн жаңылоо;<br>- мектептеги билим берүүнүн жана тарбия процессинин эффективдүүлүгүн жана жыйынтыгын көтөрүү;</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - окуучулардын коомдук маанилүү сапаттарын өнүктүрүү;<br>- Мектептин ийгиликтүү иштеши жана өнүгүшү үчүн жогорку деңгээлдеги квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен камсыздоо;<br>- окуучуларды сергек жашоого багыттоо менен алардын ден - соолугун чыңдоого багытталган иштерди алып баруу;<br>- МЖАга даярдоону жогорку деңгээлде уюштуруу жана окуучулардын билим деңгээлин сырттан текшерүүгө даярдоо.<br>Өнүгүү Программасынын негизинде төмөнкүдөй иштер планга киргизилди: жылдык План мектептин педагогикалык кеңешмесинде каралып, бекитилет; пландын негизин Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагы тарабынан бекитилген өнүгүү Программасын жана векторлорун ишке ашыруудагы эффективдүүлүгүн баалаган, жыл сайын каралып келген көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган иштердин анализи түзөт. Аткарылган иштердин анализдери боюнча мектептин бардык билим берүү тармагындагы ийгиликтүү жана «кечиккен» өнүгүү багыттары аныкталып, жаңы окуу жылына негизги милдеттер каралат. Ар бир жарым жылдыкта бир жолу мектептин ишин баалоо жүргүзүлөт, бардык аналитикалык иштердин жыйынтыктары педагогикалык кеңешмеде жана жалпы мектептик ата-энелер чогулушунда каралат. | |
| | **Тобокел тобу:** | **ИДН каттоосунда** | 6 |
| | | **Мектеп ичиндеги каттоодо** | 3 |
| | **Кружоктор: 7 бардыгы: 129 окуучу** | **спорттук** | волейбол – 27;<br>таэквондо - 20;<br>кичи-футбол – 10.<br>Жалпы катышканы – 57 окуучу, |
| | | **Көркөм** | Мектеп газетасы – 13 окуучу |
| | | **предметтик** | Англис тили – 29;<br>Корей тили– 30 |
| | **Мектеп ичиндеги иш-чаралар:** | Мектептин өнүгүү Программасынын максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу максатында салттуу иш-чаралар:<br>Билим күнү,<br>Мугалимдер күнү,<br>Карылар-калк бактысы,<br>«Биз биргебиз» айлыгы,<br>«16 күн зомбулукка каршы күрөшүү » маалымат кампаниясы,<br>Декада « СПИДсиз жана наркотиксиз жашоо»,<br>«Эрдик сабагы»,<br>«Мамлекеттик Туу күнү»,<br>«Достук фестивалы»,<br>«Эне тил күнү»,<br>«ГК күнү»,<br>«Акыркы коңгуроо»,<br>«Менин Бишкегим»,<br>«Балдарды коргоо күнү», | |

| | | |
|---|---|---|
| | | «Биз эстейбиз, биз сыймыктанабыз!»,<br>«Музей күнү»,<br>Спорттук иш-чаралар жана экологиялык акциялар.<br>Мектепте өтүлгөн иш- чараларды уюштуруу иштери бардык окуучуларды кызыктырууга жана катыштырууга багытталган ( коллективдүү чыгармачыл иштер аркылуу, жаш курагына жараша топторду түзүү, алардын ата-энелерин, коомдук өкүлдөрдү катыштыруу менен) |
| | **Райондук иш-чаралар:** | 2021-2022-окуу жылында мектеп төмөнкү райондук конкурстарга катышты:<br>“Жол кыймылынын жаш инспектору -2022”. Мектеп командасы “Жашыл түс”1 орун.<br>“Жоокер ыры” номинациясында . Каныбекова Зарема шаардык турга өттү.<br>«Жүрөгүмдү балдарга арнаймын » сынагында «Мыкты класс жетекчи» номинациясында Деркенбаева Г.Б 3 орунду алды.<br>Свердлов районундагы окуучулар арасында өткөн «Ден-соолугу чың улут – күчтүү Кыргызстан» кичи- футбол боюнча турнирде 3 орун.<br>Свердлов району боюнча «Мектеп лигасы» Программасы топто 2 орун, жалпы зачетто 4- орун. |
| | **Шаардык иш-чаралар:** | 2021-2022-окуу жылында мектеп төмөнкү шаардык иш-чараларга катышты:<br>“Милициянын жаш досу- 2021”. Мектеп командасы “Жаш канат”2 орун.<br>Жаш техниктердин чыгармачл көргөзмөсү"STEM GIRL FEST 2022». Каримова Самира 4 орун.<br>таэквондо секциясынын катышуучулары Кыргыз Республикасынын таэквондо Академиясынын ачык биринчилигинде байгелүү орундарды ээлешип, жогорку көрсөткүчтөргө жетишти:<br>Дуйшенбеков Самир (2-Б), 2 орун;<br>Лещенко Илья(6-А), 1 орун;<br>Рысбеков Адис(2-Б), 1 орун;<br>Бек Владимир(5-А), 1 место;<br>Хивазов Альсамир (4-Г), 1 орун;<br>Белоусов Богдан (4-Г), 2 орун;<br>Уларбеков Алтай (2-А), 3 орун;<br>Кудайбергенов Нурболот(4-Г), 1 орун. |
| | **Окуучуларды социалдык жактан коргоо:** | Окуучуларды социалдык жактан коргоо ар дайым социалдык-психологиялык жардам көрсөтүү болуп саналат .<br>Мектепте турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдөн 5-7 класстардан 30 окуучу мектептин ашканасынан ысык тамак ичишет .<br>КРнын Президентинин катышуусунда өткөн Жаңы жылдык майрамга Садабаев Султан (6-Г апасы жок ) катышты, Бишкек шаарыны мэри катышкан майрамга Чикинова Арууке (6-Б, жарым жетим), Кадыров Имран (3-К, майып бала), Темных Елизавета (3-Б, жарым жетим), Тилекова Нурай (4-К, жарым |

| | | |
|---|---|---|
| | | жетим).<br>2022-жылдын 13-июнунан 8-июлга чейин мектептин базасында турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдөн 90 окуучуга мектеп ичиндеги лагерь уюштурулду. Окуу жыл ичинде 40 окуучу театрларга, спектаклдерге, циркке бекер барышты. |
| | **Ата-энелер менен иш алып баруу:** | Үй-бүлө менен мектептин байланыш процесси ата-энелерди окуу-тарбия иштерине, сабактан тышкаркы иш- чараларга тартуу, ошондой эле балдар менен, педагогдор менен бирдикте иш алып баруу болуп саналат. Биздин мектепте ата- энелер менен иш алып баруу жекече иштөө аркылуу жүргүзүлөт (окуучунун үйүнө баруу, жеке маектешүү, мектепке чакыруу, кеңештер, электрондук түрдө байланышуу) топтук (ата-энелер үчүн маалымат-лекция, тематикалык кеңештер, класстык иш-чаралар) жана коллективдүү (класстык жана жалпы мектептик ата-энелер чогулушу, концерттер,чыгармачыл иштер) өз ара аракеттенүү формалары.<br>Ата- энелер менен иштөөдө төмөнкүдөй ыкмалар колдонулат: байкоо жүргүзүү; аңгемелешүү ; тест өткөрүү; анкета жүргүзүү.Ата- энелердин мектептин ишине катышуусу Ата-энелер Кеңеши, класстык жана мектептик ата-энелер комитети аркылуу катыша алышат.<br>Мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү ишинин маанилүү формасы болуп ата-энелер чогулушу жана лекторийлер болуп эсептелет. Ата-энелер чогулушунда биз баланын интеллектуалдык өсүшү жөнүндө кенен баарлаша алабыз. 2021-2022-окуу жылында мектептин жылдык Планы боюнча ата-энелер үчүн педагогикалык билим таануу өткөрүлдү.<br>Ата -энелер менен баарлашуу класстык жана мектептик ата-энелер чогулушу болуп эсептелет. Класстык ата-энелер чогулушу класс жетекчинин планы боюнча өткөрүлөт. Класстык ата-энелер чогулушунан башка мектепте 4 жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Жалпы мектептик ата-энелер чогулушунда тартип бузууларды алдын алуу боюнча КРнын ИИМ СБНОН эл аралык кыймылынын улуу операткаруучусу милициянын подполковниги Таабалдиева Чолпон Сааданбековна , мектептеги ИДНдин инспектору Асанова Н.А жана КРнын ИДН ОВД пресс – кызматкерлери балдар жана өспүрүмдөр арасында тартип бузууларды алдын алуу боюнча сүйлөштү. Балдардын компьютердик оюндарды ойноосу алардын психикасына тескери тасирин тийгизээрин,ошондой эле жагымсыз жүрүм -турумдарга түртөөрүн белгилешип, ата-энелердин көңүл буруусун (суецидге чейин жеткире тургандыгын) айтышты. Специалисттер жаш өспүрүмдөрдүн тартип бузууларына ата-энелердин жооптуу экендигин белгилешип, ата-энелер тарабынан балдардын жүрүм- турумун ар дайым көзөмөлгө алуу туурасында презентация көрсөтүштү. Ошондой эле ата-энелер балдардын кыялынын өзгөрүшүнө, алардын телефон менен сүйлөшүүсүнө, телефондогу жазууларына, компьютерде, соцбулактардагы сүйлөшүүлөрүнө |

| | | |
|---|---|---|
| | | көңүл буруусун айтышты «48сааттын ичинде жогол », «Мени өлтүр » аттуу коркунучтуу оюндар жөнүндө маалымат беришти. Ошондой эле ата-эне тарабынан баланын жүрүм турумундагы өзгөрүүнү байкап туруусу зарыл. ИДН инспекторлору ата-энелердин суроолоруна жооп беришти. “Кыздар илимде “ проектисини координатору Аширбаева Айгерим, Шамиль кызы Улдана балдарга карата көрсөтүлгөн зомбулук жөнүндө презентация көрсөтүштү. Мектеп психологу Асранова Г.С. «гиперактивдүү балдар жөнүндө ата-энелерге кеңеш» аттуу презентацияны көрсөттү.<br>8-А класстын окуучулары ата-энелерге “Компьютерге көз каранды. Интернеттин балдарга тийгизген таасири” жөнүндө проектик ишин тартуулашты. Презентациянын жүрүшүндө окуучулар компьютердин зыяндуулугун гана көрсөтпөстөн, компьютерди аз убакыт колдонуу менен ата-энелрге жаңы технологиялардын пайдалуу жагын да көрсөтө алышты. Мектеп администрациясы, психолог, ИДН инспектору менен, класс жетекчи менен бирдикте «48сааттын ичинде жогол », «Мени өлтүр » аттуу оюндарынан алыс болууга , балдардын өмүрүн сактоого , интернет булактарын туура колдонуу максатында маектешүүлөр болуп, кеңештер берилди.<br>Ата-энелер чогулушунан башка мектеп администрациясы, специалисттер, предметтик-мугалимдер,ИДН инспектору, мектеп мед айымы, класс жетекчилер тарабынан ата-энелерге жеке кеңештер берилди.<br>Класс жетекчилер тарабынан ата-энелер ар түрдүү класстык иштерге тартылышты: ата-энелер чогулушун өткөрүүгө жардам беришти ,класстык жана жалпы мектептик, рейддик, чыгармачыл иш-чараларга катышышты. Ар бир класста ата-энелер комитети иштеп, класс жетекчиге уюштуруу иштерине асоциалдык үй- бүлөлөр менен иштөөдө жардам беришти. Жалпы ата-энелер комитетинин чогулушунда балдардын окуусу жана тарбиясы, ашканада ысык тамакты уюштуруу, мектепте майрамдык кечелерди өткөрүү, мектептин аймагын жакшыртуу максатында иштер аткарылып турду. Окуу жыл ичинде Свердлов райондук КДД эки иш каралды:<br>1) Лябенкин Авраам (2-В)сабактарды калтырышы, бул үй-бүлө ар дайым жашаган жерин өзгөртүп , жашынып жүрүшөт (КДД баланын апасына баланы жашаган жерине жакын мектепке киргизүүнү талап кылды );<br>2) Москаленко Тамара 9-Б класс жана Егорушкина Яна 6-В класс (түнкү убакта үйдөн өз алдынча кетип калуулары, Егорушкина Яна мектепке келбейт). Кыздар ИДНдин каттамына тургузулду.<br>Эмгек мигрантындагы үй-бүлөдөгү балдарга, жетим балдарга( соттун чечими менен ата-эненин ордун ээлеген адам),турмуш-шарты оор үй-бүлөлөргө өзгөчө көңүл бурулду.<br>Мектептин социалдык паспорту боюнча:<br>Жетим балдарды тарбиялаган үй-бүлө -3<br>Жарым жетимдер – 59 |

| | | |
|---|---|---|
| | | Көп балалуу үй-бүлөлөр – 61<br>Турмуш шарты оор үй-бүлөлөр-9<br>Оор үй-бүлөлөр – 5<br>Майып балдар бар үй-бүлөлөр– 6<br>Баткен окуясына катышкан үй-бүлөлөр– 2<br>Ата-эне майып болгон үй-бүлө- 15<br>Толук эмес үй-бүлө – 83<br>Эмгек мигрантындагы үй- бүлөлөр– 34.<br>Бул категориядагы балдардын сабакка катышуусу, окуудагы жетишүүсү класс жетекчинин жана мектеп администрациясынын өзгөчө көзөмөлүндө турат. «Камкордук», «Өспүрүм» , « Турмуш шарты оор үй-бүлөлөр» рейддери жүргүзүлүп турду, (ИДН,МИК турган балдар менен, тобокел тобундагы балдар менен жеке аңгемелешүү болуп, турмуш-шарты оор үй-бүлөдөгү балдардын үйлөрүнө баруу менен алардын турмуш шарты менен таанышуу болду.Балдардын сабакты себепсиз калтыруусун четтетүү , нотариус тарабынан бекитилген ишеним каттарды, туугандардын милдеттемелерин чогултуу иштери аткарылды ).<br>Бардык аталган иштер канааттандыралык деп эсептелет.Өткөн окуу жылында бир топ иштер аткарылды, ошондой болсо да аткара турган иштер алдыда. Айрым класстардагы ата-энелер чогулушуна катышкан ата-энелердин саны абдан аз, мындай катышуу балдардын жагымсыз жүрүш- турушуна алып келет. Ата -энелерди тарбия иштерине тартуу керек, ата-энелер менен иштөөнүн ар кандай формаларын жүргүзүү менен, мектептин жетишкендиктери, ийгиликтери менен ата-энелерди тааныштырып туруу зарыл. |
| | **Кесиптик багыттагы иштер:** | Мектептеги кесиптик багыттагы иштердин максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет: окутуунун кесиптик жагын жана келечектеги кесиптик ишмердик жаатын тандоо процессинде окуучуларга колдоо көрсөтүү, окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө, жөндөмдөрүнө жараша жана эмгек рыногуна ылайык ишмердик жаатын эркин тандоо шарттарында мектеп окуучуларынын келечектеги кесибин тандоого көмөк көрсөтүү.<br>2021-жылдын октябрь айында ЮНИСЕФтин «Кыздар илим жаатында» аталышындагы долбоорунун координатору Аширбаева Айгерим Аширбаевна «Роза Отунбаеванын демилгеси» эл аралык коомдук фондунун, БААУ Инновациялык колледжинин жана «Балдарды коргоо борбору» коомдук фондунун колдоосу алдында 11-класстын окуучуларына төмөнкүдөй темада тренинг өттү:<br>– STEM жана STIM билим берүү;<br>– Илимий-изилдөө ыкмасы;<br>– Гендердик теңчилик;<br>– Ой жүгүртүү дизайны;<br>– Кесиптик багыт;<br>– Келечектеги кесиптер. |

| | | |
|---|---|---|
| | | 2021-жылдын 23-ноябрында 10-А, Б класстарынын окуучулары класс жетекчи Г.А. Кирдачеванын жетекчилиги алдында Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгынын графиги боюнча WOEXPO билим берүү көргөзмөсүнө барышты. «Кыздар илим жаатында» долбоорунун өкүлү окуучуларга кесиптик багыттагы беш сабак өттү.<br>Жогорку класстардан 18 окуучу «Кыздар илим жаатында» долбоорунун ментордук программасы боюнча КТУда жолугушууга катышышты.<br>2021-жылдын 19-ноябрында биздин мектептин бүтүрүүчүлөрү менен «Корея Хангыл Хакданг» ЖЧКнын башкы директорунун ортосунда кесиптик багыттагы таанышуу иретиндеги жолугушуу болуп өттү. Жолугушуунун жүрүшүндө бүтүрүүчүлөр Корея Республикасынын Ханген, Аджу университеттерине, Кенгхи технология жана илим университетине окууга жөнөө жана андан ары Корея Республикасына ишке орношуу боюнча программа менен таанышышты.<br>«Биримдик» коомдук фонду онлайн форматтагы вебинарларды өткөрүү менен бирге бүтүрүүчүлөрдү жана алардын ата-энелерин Россия мамлекетинин окуу жайлары менен тааныштырууну улантууда.<br>2022-жылдын 28-январында окуучулар И.Раззаков атындагы КМТУга барышты. «Өзүңдү ITде тап» аттуу мастер класска катышышты. Аталган программа аларга IT техноогиялар дүйнөсүндө кесип тандоого жардам бермекчи.<br>2022-жылдын 15-мартында бүтүрүүчүлөр жана алардын ата-энелери «Классикалык университеттер» билим берүү акциясына катышышкан жогорку окуу жайлардын вебинарына барышты.Россия мамлекетинин жогорку окуу жайларынын бюджеттик бөлүмдөрүнө кантип тапшыруу керек экендигин билишти. Вебинарда төмөнкүдөй багыттар сунушталды: «Электроэнергетика жана электротехника», «Геология и нефтегаздык иштер», «Машина куруу», «IT технологиялар», «Биотехнология» ж.б.<br>2022-жылдын 15-мартында 9-А класстын окуучулары класс жетекчи А.А. Батырбекованын жетекчилиги менен Шаардык Жумуш менен камсыздандыруу башкармалыгынын кесиптик багыттагы тестирлөөсүнө катышышты. Тестирлөө учурунда балдар өздөрүнүн кесиптик жөндөмдөрү тууралуу психологдордун сунуштарын алышты.<br>9-11-класстын бүтүрүүчүлөрү ачык эшиктер күнүндө Кувейт эл аралык университетине, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз Экономикалык университетине жана И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетине барышты.<br>2022-жылдын 14-22- апрель күндөрүндө «Кыздар илим жаатында» долбоорунун алкагында жазгы СТЕМ болуп өттү. Ага окуучулар Бысрова Мария (11-А), Дуванаева Динайым (11-А), Келдибекова Айзат (11-Б) катышышты.<br>Мектептин бүтүрүүчүлөрү ачык эшиктер күнүндө КЭУга, И. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Арабаев атындагы КМУга, түрк жогорку окуу жайларынын көргөзмөсүнө, артыкчылыктуу кесиптердин фестивалына барышты.<br>Бүтүрүүчүлөр Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин базасында өткөрүлгөн MAEEXPO.COM. көргөзмөсүнө барышты.<br>Балдар Шериктеш мамлекеттердин билим берүү мекемелери менен жана Борбордук Азиянын окуучуларына, абитуриенттерине **Россия мамлекетинин, Казакстандын, Белоруссиянын жана башка өлкөлөрдүн** жогорку кесиптик окуу жайларына өтүүгө жардам берүү үчүн түзүлгөн MAEEXPO.COM, интернет платформасы менен таанышышты (https://52.edubish.kg/news/vystavki-evraziyskogo-obrazovanii-v-tsentralnoy-azii/).<br>2022-жылдын 14-майында 6-10-класстардын окуучулары үчүн Б.Н.Ельцин атындагы КРСУнун техникалык факультетерине (геология кафедрасы, геология музейи) экскурсия уюштурулду. Экскурсиянын жүрүшүндө Балдар Кыргызстанда кездешчү ар түрдүү минералдар менен таанышышты, окуунун артыкчылыктары жана кафедранын өзгөчөлүгү тууралуу маалымат алышты, Кыргызстанда тоо-кен казып алууга, анын экономикалык маанисине, пайдалуу кендерди иштетүү менен байланышкан глобалдык (экологиялык жана экономикалык) көйгөйлөргө тиешелүү болгон суроолорго жооп алышты.<br>9-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн Кувейт университетине, Кыргыз Экономикалык университетине экскурсиялар уюштурулду. Ал экскурсиялардын жүрүшүндө балдар 9-класстын базасында кесиптик билим берүүчү атайын окуу жайлар менен таанышышты.<br>Биология мугалими Н.Д. Жумабаева тарабынан өткөрүлгөн «Мектеп участогунун биологиялык ар түрдүүлүгү» аталышындагы кичи долбоордун жүрүшүндө 10-класстын окуучулары биотехниктердин жана экологдордун ролунда иш алып барышты. (https://52.edubish.kg/wp-admin/post.php?post=5508&action=edit).<br>9-класстын окуучулары Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан уюштурулган «Турциянын билим берүү мекемелеринин көргөзмө-жарманкесине катышышты. Иш-чаранын жүрүшүндө бүтүрүүчүлөр 2022-жылдын майында Турциянын окуу жайлары тарабынан Кыргыз жарандары үчүн сунушталган мүмкүнчүлүктөр тууралуу түшүнүк алышып, келечектүү жана суроо-талаптуу багыттар менен таанышышты (программалоо, дизайт, компьютердик дизайн, биофизика, биотехнология ж.б.). (https://52.edubish.kg/news/buduschee-nachinaetsya-segodnya/)<br>«Биримдик» коомдук фонду менен көп жылдык кызматташуунун алкагында мектептин 10-11- класстарынын окуучулары россиялык жогорку окуу жайлардын «Кесипти тандоо менен келечекти тандайсың» аталышындагы көргөзмөгө катышышты (2022-жылдын 16-18-майы). 11-класстын |

<table>
<tr><td></td><td></td><td colspan="2">окуучулары Улуттук китепканада уюштурулган атайын иш-чарага катышышты, ошондой эле мектептин базасында Россиялык технологиялык университетинин (МИРЭА), Иркутск мамлекеттик университетинин (ИГУ) өкүлдөрү менен жолугушушту. Жолугушуунун жүрүшүндө окуучулар менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун эрежелери жана шарттары эле эмес, жакынкы жана ыраакы мезгил аралыктарындагы талап болуучу актуалдуу кесиптер тууралуу дагы талкуу жүрдү.</td></tr>
<tr><td rowspan="16">Тарбия ишинин анализин</td><td rowspan="9">Мектеп боюнча окуучулардын жетишүүсү (жыйынтыктар орус тилдүү жан кыргыз тилдүү класстар деп бөлүнбөйт):</td><td>Отличниктер</td><td>121</td></tr>
<tr><td>Ударниктер</td><td>448</td></tr>
<tr><td>Орто окугандар</td><td>721</td></tr>
<tr><td>Ьир төрт алган окуучулар</td><td>25</td></tr>
<tr><td>Бир үч алган окуучулар</td><td>88</td></tr>
<tr><td>Жетишпеген окуучулар</td><td>16</td></tr>
<tr><td>Сапаты ЗУН, %</td><td>44%</td></tr>
<tr><td>СОУ,%</td><td>51%</td></tr>
<tr><td>Жетишүүсү, %</td><td>99%</td></tr>
<tr><td>9- класстар боюнча жыйынтыктоочу аттестация</td><td colspan="2">Бардыгы: 116<br>Киргизилди: 116<br>ВКК боюнча бошотулду: 1<br>Отличниктер:<br>Өзгөчө үлгү: 1<br>% сап. – 36% жет. – 100%</td></tr>
<tr><td>11-класстар боюнча жыйынтыктоочу аттестация</td><td colspan="2">бардыгы: 49<br>Киргизилди: 49<br>ВК боюнча бошотулду: 0<br>Отличниктер:<br>Өзгөчө үлгү: 0<br>% сап. – 54% жет. – 100%</td></tr>
<tr><td rowspan="4">Олимпиадалар</td><td>Мектеп ичинде</td><td>Бардыгы: 165<br>Жеңүүчүлөр: 18</td></tr>
<tr><td>Райондук</td><td>бардыгы: 18<br>Жеңүүчүлөр: 1</td></tr>
<tr><td>Шаардык предметтик /башка шаардык (аталышын берүү)</td><td>2-Г класстын окуучулары<br>– Абдуллаев Арсен<br>– Бунина Анна<br>– Салимова Амина<br>– Насыров Абдурахман<br>– Насырова Сурия.<br>«Борбор шаарды багындыр» аттуу комплекстүү олимпиадага катышып, 2 турду өтүштү (райондук жана шаардык).</td></tr>
<tr><td>Республикалык предметтик / башка республикалык</td><td>11-А класстын окуучусу Дубанаева Динайым математика сабагы боюнча КРнын ББМ жана Кыргыз-Швед мектеби</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **(аталышын берүү)** | тарабынан уюштурулган Улуттук олимпиадага катышып III- орунду алды. |
| | | **Эл аралык (аталышын берүү) / Эл аралык (онлайн) (аталышын берүү)** | жок |
| | **Алтын сертификат:** | **1. Быстрова Мария, 11-А класс, 223 б.** | |
| | **Долбоордук иштер** | **Мектеп ичинде** | 2021-2022-окуу жылында мектеп КР Билим берүү министрлиги жана «Кыздар илим жаатында» долбоорлору боюнча иштерди активдүү жүргүздү: долбоор аркылуу тренер болуп саналган 9-класстын окуучу кыздары 7-11-класстын окуучулары үчүн бир катар семинарларды өткөрүштү. Семинардын жүрүшүндө гендердик теңчилик жаатындагы билимдери менен бөлүшүп, келечекте кесип тандоо боюнча кеңештерди жана сунуштарды беришти, өздөрүнүн курдаштарынын арасында толеранттуулукка багытталган тренингдерди өткөрүштү.<br>Долбоордун тренерлери окуучулардын кесиптик багытына заманбап мамиле кылууга, үй-бүлөдө балдардын шыктарын жана кызыкчылыктарын өнүктүрүүгө багытталган, психологиялык жактан жагымдуу мамилелердин түзүлүшүнө ата-энелердин көңүлүн буруу менен, алардын жыйналышына катышышты.<br>10-11-класстардын окуучулары долбоордун тренингдерине катышышты; долбоордун алкагында тандап алуунун жыйынтыгында ОРТга акысыз даярдоого 11-класстын окуучулары Быстрова Мария, Дубанаева Динайым жана Келдибекова Айзат катышышты. Бүтүрүүчүлөр ошону менен бирге «Кыздар илим жаатында» долбоорунун жазгы лагерине активдүү катышышты.<br>9-Б класстын окуучусу Керимова Самира долбоордун алкагында уюштурулган «STEM GIRL FEST 2022» конкурсунда IV орунду ээледи. |
| | | **Райондук** | 3-В класстын окуучулары «Окуйбуз, жасайбыз, изилдейбиз» долбоорунун райондук этабына катышып, «Кыргызстандын элдик оюндары» аталышындагы ишин көрсөтүштү. Бул жолу алар байгелүү орундарды ээлей албай калышты, бирок ушуга окшогон иш-чарага катышуу жаатында зор тажрыйбага ээ болушту. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **Республика-лык** | жок |
| | | **Эл аралык** | жок |
| **Мектептик ички текшерүү** | **Текшерүүнүн багыттары** | **Максаты:**<br>**Мектепти өнүктүрүү, билим берүүнү сапатын жогорулатуу программасын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү.**<br>**Милдеттери:**<br>Окутуу-тарбиялоо процессин уюштурууга карата заманбап талаптарга жооп бере турган бирдиктүү билим берүү чөйрөсүн түзүү.<br>Окутуу-тарбиялоо процессинин абалын аныктоо, контролдоо системасын мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана билим берүүнүн предметтик стандарттарына ылайык жакшыртуу.<br>Окуучулардын өнүгүү динамикасына мониторинг жүргүзүү.<br>Билим берүүнүн сапатын туруктуу түрдө жакшыртуу жана окуучулардын жетишүүлөрүн өнүтүрүү үчүн педагогикалык жамааттын потенциалын колдонуу.<br>Окутуу-тарбиялоо процессин ишке ашырууда мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык окуучулардын психологиялык жактан корголушун камсыздоо.<br>Педагогдорду олуттуу натыйжаларга жетишүүгө шыктандыруу системасын жакшыртуу.<br>Окуучуларды өнүгүү динамикасын аныктоо системасын иштеп чыгуу, мектептеги окутуунун ар бир этабында билим деңгээлин белгилөө.<br>Сабактан тышкаркы ишмердик системасын жакшыртуу.<br>Окуучулардын чыгармачылык ишмердигин өнүктүрүүгө карата ар кандай ыкмаларды иштеп чыгуу.<br>Мектептин 2021-2022-окуу жылына карата иш планына киргизилген контролдоонун текшерүүнүн негизги багытары:<br>Мамлекеттик билим берүү стандарттарын жана предметтик стандарттарды аткаруу.<br>Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын стандарттарын аткаруу.<br>Мектептин иш кагаздарынын абалы.<br>Мектепте билим берүү сапатын жогорулатуу боюнча иштердин абалы.<br>Эмгекти коргоо боюнча нускамалардын аткарылышы, техникалык коопсуздуктун аткарылышын жана материалдык-техникалык базанын сакталышын контролдоо.<br>Кээ бир предметтерди өтүү сапатын контролдоо.<br>Мектепте окуучулардын жетишкендиктерин баалоо<br>Мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана предметтик стандарттарга ылайык уюштурулган жана белгиленген ченемдерге ылайык аткарылат. 3-11-класстардын | |

| | | |
|---|---|---|
| | | окуучуларынын жетишкендиктерин баалоо окутуу программаларында жана предметтик стандарттарда жазылган критерийлерге ылайык жүргүзүлөт жана окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүнө, жетишкендиктерин жакшыртууга дем берүүгө, ошондой эле өзүн-өзү баалоого, өз ара баалоого багытталган. Окутуунун жыйынтыктарынын негизинде жана колдонуудагы Жобого ылайык, ар бир чейректе класстардын окутуу баскычтары боюнча рейтингдери түзүлөт. Ал рейтинг класстык жамааттардын окуудагы жетишкендиктеринин сапаттык көрсөткүчтөрүн чагылдырат (билим сапаты, жетишкендик, окуу деңгээли). Рейтинг мектептин педагогикалык кеңеши тарабынан каралып турат; талдап чыгуунун негизинде позитивдүү тажрыйба жалпыланат, кээ бир класстарды административдик текшерүүгө алуу жөнүндө чечим чыгарылат.<br>Мектептин ички текшерүү планынын негизинде окуу предметтерин өтүүнүн сапаттарына административдик текшерүү жүргүзүлөт, талдоонун жыйынтыктары боюнча аныкталган кыйынчылыктар кылдат изилденет, материалды окуудагы кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуштар берилет. АКР жыйынтыктары боюнча маалым каттар өндүрүш кеңешмелерде, предметтик мугалимдер менен жеке консультациялар жүргүзүлгөн учурда каралат. МУБде чейректер боюнча текшерүү иштердин жыйынтыгына мониторинг жүргүзүлөт, предметтик мугалимдердин чейректин жыйынтыгы боюнча отчетторунун бирдиктүү формасы бекитилген.<br>Мектептин усулдук окутуу жактан камсыздалышы мамлекеттик билим берүү стандарттарына дал келет. Окутуу программаларынын жана предметтик стандарттардын кагаз жүзүндөгү (усулдук кабинетте сакталат) жана электрондук (мектептин сайтында, электрондук базасында сакталат) банкы түзүлгөн. Окуу жылынын башында усулдук бирикмелердин отурумдары өткөрүлдү (МУБнин 2021-жылдын 28-августундагы №1 протоколу аркылуу бекитилген), анда мугалимдер окутуу программаларын ишке ашыруу боюнча КАОнун сунуштамалары менен кол коюу аркылуу таанышышкан.<br>Мектептин Окуу планынын бардык предметтери боюнча календардык-тематикалык пландарынын банкы «Календардык-тематикалык пландоо жөнүндөгү жобого ылайык бирдиктүү формада түзүлгөн. Чейрек ичинде кеминде бир жолу окуу программасынын теоретикалык жана практикалык бөлүгүнүн ишке ашырылышы текшерилип турат (директордун окутуу-тарбиялоо боюнча орун басарынын маалымкаттары, ШМОнун протоколдору), жыйынтыктар завуч катышкан кеңешмелерде каралып турат (2021-жылдын 3-мартындагы №3 протокол, 2021-жылдын 6-июнундагы №4 протокол. |
| | **Иш кагаздары менен иш алып баруу:** | Бардык мугалимдер КР Билим берүү министрлигинин мектеп иш кагаздары жүргүзүү боюнча сунуштамалары менен таанышып чыгышкан. Мектеп иш кагаздарын жүргүзүү “Класстык |

| | | |
|---|---|---|
| | | журналды жүргүзүү” жөнүндөгү Жобого, “Жалпы билим берүү уюму” жөнүндөгү типтүү Жобого, “Мектептин документациясын жүргүзүү” жөнүндөгү, “Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо системасы” жөнүндөгү локалдык Жоболорго ылайык жүргүзүлөт.<br>Окуу ишмердигин ар тараптуу чагылдырган класстык журналдын абалын текшерүү (баалоо системасы, окуучуларга окуудагы ар кандай дем берүү иштеринин системасы, үй тапшырмаларынын деңгээлинин жана көлөмүнүн окуу программаларынын талаптарына шайкеш келүүсү, баалардын объективдүү коюлушу, текшерүү жана практикалык ченемдердин аткарылышы) МИК планында белгиленген жана ай сайын уюштурулуп турат (директордун окуу-тарбия боюнча орун басарынын маалым каттары кеңешмелерде каралат, сунуштамалардын аткарылышы талданат, журналды жүргүзүү боюнча эскертүүлөр боюнча мугалимдерден түшүнүк каттар алынат)<br>Кагаз жүзүндөгү журнал менен бирге “Күндөлүк” электрондук журналы да жүргүзүлөт, анда иштердин сапаты жана объективдүүлүгү мектептин администрациясынын текшерүүсүнө алынат.<br>“Кош ишти” аткаруу зарылдыгы - кагаз жүзүндөгү жана электрондук журнал менен иш алып баруу – окуу жылынын башталышында мектеп тарабынан “Күндөлүк” платформасына өтүү чечими кабыл алынгандыгы менен түшүндүрүлөт, ал процессти уюштуруу окуу жылынын башында бир кыйла убакытка созулду, ошондуктан мектеп ушул жылы кагаз жүзүндөгү журналдан толук баш тартуу туура болбойт деген пикирге келди, бирок келечекте толук бойдон электрондук журналга өтүү пландаштырылууда.<br>Типтүү талаптардын негизинде сабак боюнча пландоо формасы иштелип чыккан. Сабактын пландарын мугалим ар бир сабакка даярдайт. 5 жылдан ашык стажысы бар мугалимдер планды кенен жазышат же иштелип чыккан типтүү пландарга өзүнүн түзөтүүлөрүн киргизет (Кыргыз Республикасынын билим берүү стандарттары боюнча). Сабактын пландарын мектептин администрациясы үзгүлтүксүз текшерип турат, бирок текшерүүжүргүзгөн учурда сабактын пландарына виза коюлушуна көңүл буруу керек.<br>Программанын практикалык бөлүгүн аткаруу ченеми (текшерүү, өз алдынча иштер, практикалык, лабораториялык иштер) предметтик мугалимдер тарабынан аткарылат жана административдик текшерүүгө алынат.<br>Окуучулардын текшерүү жана лабораториялык иш дептерлеринин абалы белгиленген талаптаргы дал келерин көрсөттү. Мугалим тарабынан класстык жана үй иштери текшерилип, окуучулардын кол жазмасына да көңүл бурулат. Класстык жана үй иштеринин көлөмү талапка толук жооп берет. Ошондой болсо да кетирилген каталардын үстүндө иштеп,окуучуларга үй тапшырманы жана өз алдынча иштерди |

| | | |
|---|---|---|
| | | берүүдө баланын жекече өзгөчөлүгүнө, каталар үстүндө иштерге көңүл буруу зарыл. |
| **Илимий - методикалык иштин анализи** | **Милдеттер:** | **Мектептин методикалык темасы:**<br>*« Педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүү- мамлекеттик билим берүүнүн стандартын ишке ашырууда окуучуларга заманбап сапаттуу билим берүүнүн жана тарбиялоонун фактору».*<br>**Илимий -методикалык иштин максаты**<br>Мектеп окуучуларын тарбиялоо жана билим сапатын көтөрүү, педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн жакшыртуу менен мамлекеттик билим берүүнүн эффективдүүлүгүн камсыздоо.<br>**Негизги милдеттер:**<br>Мектеп ичиндеги текшерүүнүн жана мониторингдердин системасын жакшыртуу.<br>Окучулардын окууга болгон кызыгуусун калыптандыруу максатында педагогикалык практикага заманбап методикаларды жана технологияларды киргизүү.<br>Жаңы муундун мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашырууда билим берүү сапатын көтөрүү максатында мугалимдердин башкаруучулук компетенциясын өнүктүрүүгө шарт түзүү. Методикалык теманы ишке ашырууда педагогикалык тажрыйбаны көрсөтүү,жайылтуу, жалпылоо. |
| | **Багыттар:** | Мектепте методикалык иштерди уюштуруудагы негизги багыттар:<br>Аналитикалык<br>маалыматтык<br>Уюштуруучу -методикалык<br>Кеңеш берүүчү |
| | **Иштин түрлөрү:** | Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу максатында методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин иштери :<br>Методикалык семинарлар.<br>Предметтик жана тематикалык курстар.<br>Мугалимдин тажрыйбасын жайылтуу.<br>Мугалимдердин чыгармачыл отчеттору, педагогикалык окуулар .<br>Ачык сабактарга катышууну уюштуруу,өз ара сабактарга катышуу, өз ара дептерлерди текшерүү , жазуу иштерин текшерүү.<br>Кабинеттердин окуу- методикалык жана санитардык абалын текшерүү.<br>Жаш адистер менен жана жаңы келген мугалимдер менен иштөө.Насаатчылык.<br>Предметтер боюнча класстан тышкаркы иштер:<br>Предметтик олимпиадаларды , конкурстарды, интеллектуалдык марафондорду, декадаларды уюштуруу жана өткөрүү. |
| | **Педагогикалык кеңешме (тематикасы):** | Билим берүү жана тарбия процессинде методикалык иштерди жакшыртуу максатында мектептин өнүгүү Программасынын милдеттерин системалуу түрдө эффективдүү ишке ашыруу үчүн |

| | | |
|---|---|---|
| | | педагогикалык кеңешмелердин тематикасы иштелип чыкты.<br>(5 жылга)  2021-2022 -окуу жылында төмөнкүдөй педагогикалык кеңешмелер планга киргизилип , иштелип чыкты:<br>***Август кеңешмеси «Сапаттуу билим берүү жана тарбиялоо- өлкөнүн гүлдөп өнүгүшүнүн кепилдиги»***<br>Сапаттуу билим берүү жана тарбиялоо- өлкөнүн гүлдөп өнүгүшүнүн кепилдиги.<br>2020-2021-окуу жылындагы мектептин окуу- тарбия иштеринин анализи.<br>2021-2022- окуу жылына окуу планын бекитүү . Мектептин илимий-методикалык кызматынын структурасы.<br>***«5-, 10- класстын окуучуларынын адаптациясы.Үзгүлтүксүз билим берүүнү улантуу»***<br>Адаптация убагындагы  өзгөчөлүк.<br>Анализ жүргүзүү: билим берүүдөгү жетишкендиктердин мониторинги.<br>***«Билим берүүдө өзгөчө көңүл бурууну талап кылган окуучулар менен иштөө боюнча педколлективдин иштөө системасы.»***<br>Инклюзивдик  жана дифференциялдуу билим берүү шарттарында педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн жакшыртуу.<br>Окуучуларга тапшырмаларды  берүүнү чектөө. Үй тапшырмасы - жалпы окуу жана предметтик компетенттүүлүктү  калыптандыруучу курал .<br>***«1- класстын окучуларынын адаптациясы.  Үзгүлтүксүз билим берүүнү улантуу »***<br>Адаптация убагындагы  өзгөчөлүк.<br>Билим берүүдөгү жетишкендиктердин анализи. Адаптация убагынын жыйынтыгы.<br>1-класстардагы тынчызданyy мониторинги.<br>Кичи педсовет «10- класстардагы адаптация».<br>Адаптация убагынын өзгөчөлүгү.<br>Анализ :билим берүүдөгү жетишкендиктердин  мониторинги.<br>Адаптация убагынын жыйынтыгы.<br>***«Ар бир окуучу өз ишкердигин көрсөтө ала тургандай билим берүү чөйрөсүн түзүү.»***<br>Билим берүү чөйрөсүнүн мектептеги социализация процессине тийгизген таасири.<br>Окуу- тарбия процессиндеги  дифференциация  аркылуу социалдык- багыттагы жеке инсанды тарбиялоо жана өстүрүү.<br>Азыркы коомдо баланын өз ордун табышына жана социалдык- багыттагы жеке инсандын калыптанышына үй- бүлөнүн таасири.<br>***«Өнүгүү Программасын ишке ашыруунун фактору болуп окуу- тарбия прцессин  салттуу жана инновациялык формадагы ыкмаларды колдонуу менен уюштуруу болуп эсептелет»***<br>Усулдук бирикмелерде  окуу- тарбия  процессин уюштуруу максатында  эффективдүү салттык жана инновациялык  педагогикалык практикаларды жалпылоо.<br>Мектептин өнүгүү Программасын ишке ашырууда көйгөйлөргө жана кыйынчылыктарга анализ жүргүзүү.<br>Мектептин өнүгүү Программасын  ишке ашыруунун жыйынтыгы, иштөө режиминин, өнүгүшүнүн, эффективдүүлүктүн мониторинги. |

| | | |
|---|---|---|
| | | ***«Окуучуларды мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга кабыл алуу жөнүндө.<br>Окуучуларды кийинки класска көчүрүү жөнүндө.<br>Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгы. 9, 11-класстын окуучуларын бүтүрүп чыгаруу жөнүндө.***<br>Ар бир педагогикалык кеңешмеде билим берүү жана тарбиялоо чөйрөсүндөгү актуалдуу суроолор каралып, докладдар, чыгармачыл отчёттор окулуп, мугалимдердин позитивдүү методикалык ишмердүүлүгүнүн анализи жүргүзүлөт. Салттуу түрдө ар бир усулдук бирикме бир же бир нече педагогикалык кеңешмени өткөрүүгө жоопттуу болушат. Мындай кеңешмелер педагогикалык чөйрөдө атаандыштыкты жаратып, эффективдүү тажрыйба алмашууга , мектептеги көйгөйлөрдү чечүүгө, мектептин ишин анализдөөгө, келечекке план түзүүгө жардам берет. |
| | **Методикалык кеңеш (тематикасы):** | Мектептеги усулдук бирикменини ишин пландоо жана анализ жүргүзүү.<br>Окуу процессин маалыматтык -методикалык жактан камсыздоо.<br>Педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуунун үстүндө иш алып баруу.<br>Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү боюнча жеке пландарын жана календарлык-тематикалык пландарын кароо, бекитүү.<br>Билим берүү жана тарбиялоо процессиндеги айрым жөнгө салуучу мектептин локалдык актларын иштеп чыгуу жана бекитүү.<br>Окуудагы жыйынтыктарды ички жана сырткы баалоодо туруктуу механизмдерди иштеп чыгуу.Көйгөйлөр , аларды чечүү жолдору.<br>Жөндөмдүүлүгү ар түрдүү болгон окуучулар менен иш алып баруу. |
| | **Мектептеги усулдук бирикмелер (иштин багыттары):** | Мектепте 4 предметтик усулдук бирикме иштейт:<br>Кыргыз тили жана адабияты УБ, жетекчиси – Абакирова Р.О.,<br>Башталгыч класстардын УБ,<br>жетекчиси– Еремеева А.А.,<br>Гуманитардык жана эстетикалык цикл боюнча УБ, жетекчиси– Садыкова Н.Б.,<br>Табият таануу -илимий цикл жана математика, жетекиси– Кидрачева Г.А.<br>Усулдук бирикменин иштери локалдык документтер менен коштолуп жөнгө салынып турат (жоболор,буйруктар). Алдыга койгон милдеттерди аткаруу жана ишти пландоо УБнин жыл ичинде аткарган иштериин анализинин негизинде түзүлөт.<br>Мектептин иш Планынын жана УБнин иш планынын негизинде декаданын планы түзүлөт.<br>2021-2022-окуу жыл ичинде кыргыз тили жана адабият декадасы, социалдык илимдер ( тарых, адам жана коом), орус |

| | | |
|---|---|---|
| | | тили жана адабият, математика жана табият таануу илими, башталгыч класстардын, дене тарбия сабактары боюнча декадалар ошондой эле тематикалык Илим, техника жана өндүрүш жумалыгы, англис тили жумалыгы өттү.<br>Декаданын бекитилген пландары, аларга жүргүзүлгөн анализдер педкеңешмеде жана УБнин чогулушунда каралып, УБнин иш кагаздарында сакталат. (пр. № 2 12.11.2021 ж., пр. № 5 11.01.2022 ж.).<br>УБдеги методикалык иштердин бирден бир багыты болуп педагогдордун өз билимин өркүндөтүү боюнча координациясы , бул багыттагы УБнин чогулуштары , сеиминарлардын өткөрүлүп турушу , билим берүү чөйрөсүндөгү нормативдик-укуктук иш кагаздар менен таанышуу, мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү боюнча алган темалардын алкагында педагогдордун докладдары, чыгармачыл отчеттордун окулушу, мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары жана методикалык кеңештери менен таанышуу болуп саналат.<br>Ошондой эле УБнин ишинде өз ара дептерлерди текшерүү, сабактарга катышуу, ички текшерүү иштери , окуу программасынын аткарылышы боюнча анализ жүргүзүлүп турат.<br>УБнин чогулушунда ар бир мүчөнүн аткарган ишине жылдын жыйынтыгы боюнча анализ жүргүзүлүп , ошондой эле кесиптик өнүгүү максатында перспективдүү планга карап педагогдор жетишкен ийгиликтери жана көйгөйлөр боюнча өз ишине анализ жүргүзүшөт. |
| | **Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу:** | Мектеп администрациясы мектеп кызматкерлеринин штатын түзүүдө КРнын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө » мыйзамына таянып иш алып барат.<br>Мектеп кызматкерлерини сандык курамы штаттык расписаниеге жана Окуу пландын негизинде түзүлөт, педагогикалык кадрлардын жана башка кызматкерлердин сапаттуу кадрлар менен топтолушу бекитилген квалификациялык, кесиптик талапка ылайык жүргүзүлөт.<br>Жумушка кабыл алып жатканда кызматкердин кесиптик билими , деңгээли коюлган талапка жооп бере тургандыгы каралат.<br>Акыркы жылдарда билим берүү тармагындагы кадрлар менен топтоо системасындагы курч абал мектеп жамаатын кадрлар менен топтоо ситемасына өз таасирин тийгизип келет: мектепке келген жаш мугалимдерге канчалык колдоо көрсөтүлбөсүн (КТУ, «Жаш мугалимдин депозити») башка чөйрөгө кетишип, башка кесипке өтүп кетүүдө. Мектепте түзүлгөн насаатчылык иштер жаш мугалимдердин психологиялык жактан жагымдуу жагдайда иштөөсүнө, алардын кесиптик жактан өсүшүнө жана мугалимдик кесипте иштеп калышына багытталган.<br>Мектепте азыркы күндө аскерге даярдык көрүү боюнча, технология, көркөм кол өнөрчүлүгү боюнча чебер кадрлар жетишсиз. Бул предметтер боюнча жетишпеген мугалимдердин |

ордуна сабактарды  башка предметтик мугалимдер өтүп, атайын кесиптик билимин жогорулатуучу курстардан  (РИПП жана  ПК КР) өтүштү.

Кадрдык потенциалды бекемдөө максатында мектепте ар дайым кадрларды баалоо системасы жүргүзүлүп, пайда болгон вакансиялар каралып, райондук жана шаардык билим берүү уюмдарына билдирүүлөр, кесиптик жогорку окуу жайлардын ректорлоруна мектепке кесиптик кадрларды жиберүүсүн суранган өтүнүч каттары  жөнөтүлүп турат.  Педагогикалык кадрлардын  кесиптик  компетенттүүлүгүн системалуу түрдө жогорулатуу   «Квалификацияны, кесипкөйлүктү жогорулатуу жөнүндө » Жобонун , КРнын «Билим жөнүндө » жана «Мугалимдин  статусу жөнүндө» Мыйзамынын аткарылышынын негизинде жүргүзүлөт. Бул система педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатууга жана көп кырдуулука , өз билимин өркүндөтүү боюнча иштерди уюштурууга көмөк көрсөтөт:

– Мектептин методикалык  түзүлүшүндөгү иштер  (МУБ, ТГУ, ИМК);

– мугалимдерди даярдоо  курстары;

–Мектептик, райондук, шаардык семинарларда, конференцияларда, тегерек столдо, мастер-класс сабактарда педагогикалдык тажрыйбаны жыйынтыктоо жана жайылтуу.

Акыркы 5 жылдагы педагогдордун жогорулатуу курстардан өткөндүгү тууралуу анализ боюнча мектепте курстан өтүү иши жакшы деңгээлге коюлгандыгы көрүнүп турат, перспективдүү план 90% аткарылды (айрым педагогдордун курстан өтпөгөндүгү  объективдүү, жүйөлүү  себептер менен , ооруп калгандыгына байланыштуу).

Төмөндө акыркы 5 жыл ичинде   мектептен сырткары жогорулатуу курстардан өткөн мугалимдердин саны боюнча кыскача маалымат берилди .

| | **2016-2017** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | 21 | 30 | 26 | 29 | 29 | 56 |
| **РИПК жана ППК (72 саат)** | 10 | 8 | 10 | 5 | 9 | 15 |
| **башка курстар** | 11 | 22 | 16 | 24 | 20 | 41 |

2022-жылдын апрель айында Эл аралык Кувейт университети менен түзүлгөн келишимдин  негизинде  «Заманбап мектептеги билим берүү процессин психолого-педагогикалык коштоо» деген темада кесиптик жогорулатуу курсунан (72 с.) 54 мугалим өттү. Ошондой эле мектептин бардык кызматкерлери   «Санарип жана   финансы  сабаттуулугу  Санарип 50+», курсун өтүшүп, диагностиканын жыйынтыгы боюнча бардык кызматкерлер сертификат алышты. Окуу жылынын аягында  (май-июнь) мектептен 3 мугалим (Высоцкая Н.М., Кидрачева Г.А., Торгой к. Ж.) Бишкек шаарынын билим берүү башкармалыгынын  Уфа

| | | |
|---|---|---|
| | | педагогикалык университети менен бирдикте уюштурулган кесиптик жогорулатуу курсунан өтүштү. Кыргыз тили жана орус тили мугалимдери КРнын ББМ тарабынан уюштурулган тренинге катышышты: «Кыргыз жана орус тили сабактарында функционалдуу сабаттуулукту калыптандыруу жана баалоо : улуттук китептер – окуу сабаттуулугун өнүктүрүүчү ресурс, курал (PISA-2025 алкагындагы даярдык), ошондой эле Хван М.С. бул курстарда тренер болуп иштеди.<br>USAID «Окуу керемет» проектисин ишке ашыруунун алкагында башталгыч класстын мугалими Таипова А.С. проекттин ментору катары (математика сабагында функционалдуу сабаттуулукту калыптандыруу ) усулдук бирикмеде тренинг өткөрдү.<br>Проекттин эффективдүү ишке ашуусун көрүү максатында тренинге катышкан ар бир мугалим модулдун материалдары боюнча ачык сабак- отчет түзүп , сабак өтүштү. (10 модуль – 10 сабак). |
| | **Инновациялык, жаңылануу иш - чаралары (түрүн жана багыттарын көрсөтүү):** | Окуу- тарбия ишиндеги уюштуруу иштериндеги заманбап талаптар инновациялык (анын ичинде – маалыматтык - коммуникациялык ) технологияларды жана окуу ыкмаларын ыкчам өздөштүрүүнү жана өздөштүрүүнү талап кылат.<br>Мына ушуга байланыштуу мектепте ресурстук база кеңейтилүүдө ( компьютерлердин саны өсүүдө; 4 кабинет интерактивдүү доска менен жабдылды , окуу кабинеттерде Интернет байланыштары бар).<br>Педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүнүн жогорулашына, инновациялык технологияларды өздөштүрүүсүнө да маанилүү көнүл бурулуп келет: ар дайым методикалык семинарлар өткөрүлүп, ал семинарларда окуу процессиндеги педагогикалык жаңылануулардын жыйынтыктары каралып, апробация жана анализ жүргүзүлүп турат ; педагогдордун ар кандай жаңы технологияны үйрөнүүсү ар дайым бааланып, көйгөйлөр талкууланып турат.<br>Мезгилдин талабына ылайык акыркы 5 жылда педагогдор ИКТ инструменттерин жана жаңы ресурстарды өздөштүрүүгө жетишти.<br>Билим берүү чөйрөсүнүн анализи:<br>Мугалимдердин 100% жана окуучулардын 80% ашыгы ата-энелер/мыйзамдуу өкүлдөр толугу менен электрондук мессенджерлерди өздөштүрүштү (mail, WA, Telegramm, ж.б.), «Электрондук журнал жана күндөлүк » платформасын өздөштүрүштү («Эл Мектеп – 2019-2020 жана 2020-2021-окуу жылы , «Күндөлүк» - 2021-2022-окуу жылы )<br>80% жакын мугалимдер Power Point, Bandicam, Movavi ресурстарын, Google (таблицаларын, формаларын),сабактардын планын түзүүдө, тесттерди аткарууда, Мультисабак платформасын , Мен-Класс, Инфосабак жана башкаларды колдонуп келишет ;<br>№ 52ЖОББ мектебинде дистанттык окуу убагында башталгыч класстардагы табият таануу жана математика, ортоңку |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | класстарда физика жана орус тили сабактары «санарип сабак» билим берүү каналында жайгаштырылган.<br>Мектеп түзүлгөн келишимдерге ылайык  РДЮЦЭКжТ, НДИТА «Алтын түйүн», КЭУ, КГЮУ менен кызматташат, мунун өзү мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жана окуучулардын таанып билүү активүүлүгүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.<br>Мугалимдер сабакка карата презентацияларды иштеп чыгышат, көргөзмө материалдар, дидактикалык карточкалар, тесттер түзүлөт. Аларды пайдалануунун сапаты, толукталышы жана натыйжалуулугу окуу кабинеттерин текшерүү учурунда бааланат (2022-жылдын 10-январындагы “Окуу кабинеттерин текшерүү” жөнүндөгү маалымкат).<br>Методикалык кабинетте тарых, орус тили жана адабияты, кыргыз тили жана адабияты, физика сабактары боюнча видеоматериалдар базасы түзүлгөн.<br>Административдик, аныктоочу, жыйынтыктоочу  текшерүү иштер окуу программасын эске алуу менен иштелип чыккан тексттер боюнча жүргүзүлөт (тексттер, жат жазуулар,  текшерүү иштер). Материалдар электрондук түрдө жана кагаз түрүндө методикалык кабинеттерде сакталып, толукталып турат.<br>Ошондой эле электрондук ресурстар дагы колдонулат: мугалимдер “Гугл -Форма”, “Мультсабак” платформаларында тесттерди иштеп чыгышат. Балдар менен жекече иштөөдө электрондук журналды пайдаланышат (окууга ар кандай шыктандыруу топтору үчүн тесттерге карата шилтеме). | |
| | **Кесиптик чеберчилик конкурстары жана иш-чаралар** | **Район** | «Жүрөгүмдү балдарга арнайм – 2022» конкурсуна мектептин башталгыч класстарынын мугалими Д.Б. Деркенбаева катышты. Ал «Мыкты класс жетекчи» номинациясы боюнча катышып, 3-орунду ээледи. |
| | | **Шаар** | жок |
| | | **Республика** | жок |
| | | **Эл аралык** | жок |
| | **ЖОЖдор менен байланыштар** | **Кыргызстандын** | Кыргыз Мамлекеттик Юрикалык университети (КМЮУ)<br>Б.Ельцин атындагы КРСУ, гуманитардык факультет, техникалык факультет.<br>«Ата Турк Ала-Тоо» университети.<br>«Манас» Кыргыз-Түрк университети<br>Эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо институту<br>Ж. Баласагын атындагы КМУ, экономика жана финансы институту<br>№ 98 Кесиптик лицей.<br>КГУСТА.<br>М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **Чет мамлекеттердин** | Москва шаарындагы педагогикалык институт<br>Томск мамлекеттик универститети.<br>Жогорку окуу жайлар менен кызматташуу онлайн режиминде жүргүзүлөт жана мектептин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу системасына катышуусуна шарт түзөт (курстар, семинарлар, конференциялар, тегерек столдор, вебинарлар ж.б.). |
| | **Усулдук семинарлар::** | **Район** | Илим ,техника жана өндүрүш Жумалыгынын ачылышы. Ачык сабак<br>Орус тили мугалимдери үчүн семинар «кыргыз/орус тили сабактарында функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу жана баалоо : улуттук китептер- окуу сабаттуулугун өнүктүрүүчү ресурс» |
| | | **Шаар** | өткөрүлгөн жок |
| | | **Республика** | өткөрүлгөн жок |
| | | **Эл аралык** | өткөрүлгөн жок |
| | **Эл аралык проекттер:** | USAID. «Окуу керемет». 2021-2022 -окуу жылында башталгыч класстардын 18 мугалим математика боюнча продуктивдүү тренинг өткөрүштү.<br>UNICEF. «Кыздар илимде ». 9-11- класстын окуучулары тренинге катышып, STEMдин принциптери жана гендердик тең укутуулук жөнүндө маалымат алышты. Андан соң, тренер катары , проекттин катышуучулары мектепте тренинг өтүштү. | |
| **Психологиялык кызматтын ишинин анализи**<br>**психолог: Асранова Гулина Саламовна** | | Психологиялык кызмат –бул мектеп шартында баланын психологиялык өнүгүшү жана ийгиликтүү окушу үчүн социалдык - психологиялык ыңгайлуу шарт түзүүгө багытталган психологдун кесиптик ишинин системасы. Мектеп психологунунтнегизги максаты мектептеги окуу процессинин бардык этаптарында болуусу керек.<br>2021-2022 -окуу жылына коюлган **максат**:<br>Мектепте психо-педагогикалык шарттардын түзүлүшү менен окуучунун психологиялык өнүгүү процессинин коштолушу.<br>Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:<br>Окуучунун жеке өзгөчөлүгүн билүү.<br>Психокоррекциялык жардам көрсөтүү.<br>Окуучуларга, педагогдорго, ата-энелерге жеке жана топтук кеңештерди берүү .<br>Албетте, психологдун аткарган иши төмөнкү багыттар менен коштолот.<br>Диагностикалык иштер.<br>Коррекцилоо, өнүгүү иштери.<br>Консультациялык иштер.<br>Уюштуруучу-методикалык иштер | |

Бардык көрсөтүлгөн иштер бирдикте жана бири-бири менен байланышта аткарылат.

**Профилактика жана агартуу** негизинен адаптация убагындагы кыйынчылыктарды алдын алууда, баланын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү, баланын интеллектуалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүн , балдар менен болгон мамилесин, жүрүм- турумундагы өзгөчөлүктөрдү байкоо аркылуу ишке ашат.

Бардык иштер 1-, 5-, 10- класстардагы адаптация убагындагы пайда болгон көйгөйлөрдү алдын алууга багытталган. Бул максатта 1- ,5-, 10- класстарда алгачкы диагностика жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы боюнча коррекциялык иштер өткөрүлдү.

15- январда консилиум өткөрүлдү: «1- жана 5- класстын окуучуларына өткөрүлгөн жаңы окуу шарттарындагы психологиялык диагностиканын жыйынтыгынын анализи»

